КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТОҢ РАЙОНУ
ТӨРТ-КҮЛ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН
ТОРТ-КУЛЬСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

---

## Төрт-Күл айыл аймагынын айылдык Кеңешинин депутаттарынын VII-чакырылышынын XVI сессиясынын № 49 токтому

**11-ноябрь 2023-жыл**

## Муниципалдык менчиктеги 0,02 га жер тилкесин жыл сайын туризм багытында иш жүргүзүүгө убактылуу пайдаланууга берүү жөнүндө

---

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө", "Жергиликтүү Кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Мыйзамдарына ылайык Эшимбаева Назира Акеновнанын арызын карап, талкуулап айылдык Кеңештин сессиясы **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Эшимбаева Назира Акеновнанын огород участкасынын жанындагы муниципалдык менчиктеги 0,02 га жер тилкеси жыл сайын туризм багытында боз үй тигүү менен иш жүргүзүүгө июнь, июль, август айларында пайдаланууга убактылуу берилсин.

2. Бул токтомдун аткарылышы Төрт-Күл айыл өкмөтүнүн башчысы У.Төлөновго тапшырылсын.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Төрт-Күл айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы С.Дыйкамбаевага тапшырылсын.

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **У.Карыпбаев**